Аккредитациялык кеңеш тарабынан каралды
Протокол №9 2024-жылдын 4-июлу
Бекитемин
Агенттиктин директору П.З. Бостонова

# КЕСИПТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯ ДОКТОРУНУН (PhD)/ТАРМАК БОЮНЧА ДОКТОРДУ ДАЯРДОО ПРОГРАММАЛАРЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА КОЛДОНМО

Кыскартуулар:
КЖББ – кесиптик жогорку билим берүү
ББМ – билим берүү мекемеси
НББП – негизги билим берүү программасы
ББП – билим берүү программасы
БББП – биргелешкен билим берүү программалары
МББС – мамлекеттик билим берүү стандарты
УКА – улуттук квалификациялар алкагы
ПОК – профессордук-окутуучулук курам

## Киришүү

Кесиптик жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнүн философия докторунун (PHD)/тармак боюнча докторду даярдоо программаларын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча колдонмо программалык аккредитациялоонун алкагында билим берүү программаларын өзүн-өзү баалоо процедурасын уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт.

Өзүн-өзү баалоонун максаты билим берүү уюму тарабынан билим берүү программаларын ишке ашыруунун сапатын, билим берүү программаларын өздөштүргөн бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын жана деңгээлин “Сапаттуу билим” агенттигинин стандарттарына ылайык аныктоо болуп саналат.

Программаны аккредитациялоонун алдында билим берүү уюму тарабынан өзүн-өзү баалоо жүргүзүлөт – бул билим берүү программасынын иш-аракеттеринин программаны аккредитациялоо программасынан стандарттарына жана критерийлерине, ошондой эле көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык экендигине баа берүү.

Билим берүү программаларын аккредитациялоо “Сапаттуу Билим» агенттигинин стандарттарына жана критерийлерине шайкеш келген, көз карандысыз баалоо аркылуу бүтүрүүчүлөрдүн билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык деңгээлин жана белгиленген үлгүдөгү билими тууралуу документтерин ыйгаруу укугун аныктоого, билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүүгө багытталган.

Өзүн-өзү баалоо – билим берүү уюмунун ишмердүүлүгү жана аккредитациялоо программасы жөнүндө маалымат алуу, ишке жөндөмүн жана ички системасынын натыйжалуулугун аныктоочу, алдыга коюлган максаттын жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетүүнүн куралы катары эсептелет.

Кесиптик жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программалары Философия докторун (PhD)/тармак боюнча докторду даярдоо программаларын өз алдынча баалоо боюнча колдонмо (мындан ары – Колдонмо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы №491 “Улуттук квалификациялык алкактарды

колдоо жөнүндөгү” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына карата аккредитациялык талаптарга ылайык иштелип чыккан стандарттарды жана критерийлерди камтыйт.

Колдонмодо өзүн-өзү баалоонун жол-жобосу боюнча сунуштар, Улуттук квалификациялар алкактарынын (УКА) белгиленген деңгээлине ылайык келген стандарттарды жана аккредитациялоо критерийлерин колдонуу боюнча комментарийлер берилген. Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча билим берүү уюму “Сапаттуу Билим” агенттигинин кароосуна жана ага ылайык чечим кабыл алуусу үчүн отчет тапшырат.

## I. Колдонуу тармагы

1.1. Колдонмо билим берүү программаларынын жетекчилерине, Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын мугалимдерине, студенттерине жана кызматкерлерине, “Сапаттуу Билим” аккредитациялоо агенттигинин эксперттерине, ошондой эле иш берүүчүлөргө, бүтүрүүчүлөргө, ата-энелерге жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнө арналган.

1.2. Бул колдонмо негизги билим берүү программаларынын өзүн өзү баалоо, жетишкендиктерин жана кемчиликтерин жактарын аныктоо үчүн, ошондой эле тиешелүү ички ченемдик-усулдук документтерди иштеп чыгууда колдонулат.

## II. Өзүн-өзү баалоону уюштуруунун негизги принциптери жана жолдору

2.1. Өзүн-өзү баалоо этаптары:

- Өзүнө-өзү баа берүү боюнча жумушчу топту даярдоо жана түзүү.
- Кызматкерлерге жана студенттерге алдыда боло турган өзүнө-өзү баа берүү тууралуу билдирүү.
- Өзүнө-өзү баа берүү критерийлерин иштеп чыгуу.
- Билдирүүлөрдү жана маалыматтарды жыйноо, талдоо жана баалоо.
- Өзүнө-өзү баа берүү боюнча отчет даярдоо.
- Жетишкендиктерди жана кемчиликтерди талдоо.
- Өзүнө-өзү баа берүү боюнча отчетту кеңири чөйрөдө талкуулоо.
- Жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.
- Отчетту агенттикке тапшыруу

*2.2. Аккредитациялоо алдында билим берүү уюму тарабынан өзүн-өзү баалоо жүргүзүлөт. Өзүн-өзү баалоонун максаты – билим берүү уюмунун ишмердигинин жана программаларынын институттук жана программалык акредитациялоонун стандарттары менен критерийлерине, ошондой эле билим берүү кызматтарынын Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келишине ички баа берүү болуп саналат.*

*2.3.Билим берүү уюмдарынын/программаларынын өзүнө-өзү баа берүүсү Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн орто жана жогорку кесиптик программаларын ишке ашырып жаткан аккредитацияланыуучу билим берүү уюмуна карата коюлуучу талаптарга ылайык жана Агенттик тарабынан аныкталган стандарттар менен критерийлердин негизинде өткөрүлөт.*

*2.4. Билим берүү уюму өзүнө-өзү баа берүүнүн материалдарын Агенттик тарабынан отчет берүүгө карата белгиленген талаптарына ылайык, өзүнө-өзү баа берүү процедурасы аяктагандан кийин 10 жумушчу күн ичинде отчет түрүндө Агенттикке тапшырат.*

*2.5. Өзүнө-өзү баа берүүнүн мөөнөтү аккредитацияланыуучу билим берүү уюму менен макулдашылат жана Агенттик тарабынан бекитилет.*

*2.6. Билим берүү уюму акыркы аккредитациянын иштөө мөөнөтү аяктаганга чейин 3 айдан кем эмес убакыт ичинде аккредитациядан өтүү үчүн Аккредитация агенттигине арыз берет.*

*2.7. Өзүнө-өзү баа берүүнү өткөрүү үчүн билим берүү уюму тарабынан ББПнын кызматкерлеринен жана студенттерден турган комиссия түзөт, алар жыйынтыктар менен таанышып чыгып жана талдоонун негизинде өз мекемесинин күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтөт, далилдерди чогултат, стандарттардын жана сапаттын критерийлери боюнча уюмдун (программалардын) натыйжалуулугу тууралуу пикирин билдирип, корутундулары жөнүндө отчет даярдайт, жакшыртуунун ыкмалары боюнча сунуштарды иштеп чыгат. Уюм ошондой эле өзүнүн Мамстандарттын талаптарына жана Аккредитациялык агенттиктин стандарттары менен критерийлерине канчалык дал келе тургандыгына баа бериши керек, тактап айтканда: 1) алар дал келеби, же 2) жарым-жартылай дал келеби, же 3) дал келбейт. Өзүнө-өзү баа берүү иш жүзүндөгү маалыматтарды, анын ичинде кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнөн байланыштарды чогултууну талап кылат. Өзүнө-өзү баа берүү жөнүндөгү отчет ар бир критерийге карата материалдарды ырастоо жана далилдөө менен билим берүү уюмунун абалына болгон объективдүү талдоону камтыйт.*

2.8. Өзүн-өзү баалоо материалдары андан ары өркүндөтүү үчүн маалымат базасы болуп саналат, ошондуктан бул процесс бүткүл билим берүү уюмунун деңгээлинде конструктивдүү өзүн-өзү сындоо менен коштолушу керек. *Өзүнө-өзү баа берүү – кызыкдар тараптарды жана сырткы кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн өзүнө тарткан узак процесс.*

*2.9.Өзүнө-өзү баа берүү билим берүү уюмунун ишмердиги жана ички, сырткы баа берүү учурундагы анын жыйынтыктарынын сапаты тууралуу маалымат алуунун куралы болуп саналат. Өзүнө-өзү баа берүүнүн жардамы менен өз милдетин ийгиликтүү аткаруу жана окутуунун пландаштырылган жыйынтыктарына жетишүү максатында, билим берүү уюмунун сапатты камсыздоодо ички системасынын функционалдуулугун (ишке жөндөмдүүлүгүн) жана натыйжалуулугун аныктоого болот.*

*2.10.Өзүнө-өзү баа берүү иш жүргүзүүнүн күчтүү жана алсыз аспектилерин талдоо менен коштолот жана кызыкдар тараптардын муктаждарын эске алуу менен бекитилген стандарттарга, сапаттын критерийлерине ылайык өткөрүлөт жана билим берүү уюмунун миссиясы менен билим берүү максаттарына жооп берет.*

*2.11.Өзүнө-өзү баа берүү системдүү жана түзүмдөштүрүлгөн мамиле кылууну талап кылат. Өзүнө-өзү баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча билим берүү уюму сапатты ичтен камсыз кылуу саясатына жана процедурасына, стратегиялык планына өзгөртүүлөрдү киргизет, бул билим берүү уюмунун алсыз жактарын жоюу жана ресурстарды, процесстерди, жыйынтыктарды өркүндөтүү боюнча аракет кылуу пландарын ишке ашырууну максат кылат. Билим берүү уюму ошондой эле себептерди аныктоо жана өз ишмердүүлүгүндө натыйжалуу жыйынтыктарга жетүү максатында аккредитациянын эрежелерисиз эле өз демилгеси менен өзүнө-өзү баа берүүнү жүргүзө алат. Бул учурда өзүнө-өзү баа берүү билим берүү уюмунун сапатты ичтен башкаруусундагы аспаптардын бири катары эсептелинет.*

## III. ӨЗҮНӨ-ӨЗҮ БАА БЕРҮҮ ОТЧЕТУНУН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА ФОРМАТЫ

3.1.Отчет төмөнкү пункттарды камтыйт:

Профиль (титул барагы)

- билим берүү уюмунун жетекчисинин билдирүүсү
- Мазмуну
- Программанын аккредитациясынын стандарттары боюнча өзүн-өзү баалоо боюнча жумушчу топ
- аббревиатуралар жана белгилер
- билим берүү уюму жөнүндө маалымат
- Билим берүү программасы жөнүндө маалымат
- Корутунду
- Тиркемелер

профилден (титулдук баракчадан) башталышы керек: билим берүү уюмунун толук аталышы (жогоруда), аккредитация программасынын аталышы жана төмөнкү маалыматтар:

| | |
|---|---|
| Окутуу багыты/ адистиги | |
| Окутуу профили/адистиги | |
| Квалификациясы | |
| Окуу формасы | |
| Стандарттык окуу мөөнөтү | |
| эмгек интенсивдүүлүгү | |
| Билим берүү укугуна ээ болуу лицензиясы жөнүндөгү маалыматтар | |
| Мурунку аккредитация жөнүндө маалымат (сертификаттар) | |
| Байланыш маалыматтары (дареги, веб-сайты, электрондук почтасы, телефону) | |
| Байланышчу адам (толук аты-жөнү, электрондук почтасы, телефону | |

**3.2.Отчетко коюлган жалпы талаптар:**

Өзүнө-өзү баа берүү боюнча отчет белгиленген формага (1-Тиркеме) ылайык, А4 форматындагы кагазга жазылат жана төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат::

- титулдук барак;
- мазмуну;
- кыскартуулардын тизмеси;
- киришүү;
- талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдөөлөр;
- бүтүм;
- тиркемелер.

Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдөөлөр бөлүгүндө ББУнун ишмердигинин жыйынтыктары анын жетишкендиктерин жана начар жактарын аныктоо менен көрсөтүлөт, корутундулар жана 7-тиркемеге ылайык, баалоолорду эске алуу менен жакшыртуулар боюнча көрсөтмөлөр берилет:

- документтер жана ресурстар;
- ишке ашыруунун механизмдери/иш жүзүндө колдонууга киргизилиши;
- иштин жыйынтыктары боюнча берилген баалар;
- ишмердүүлүктү жакшыртуу боюнча пландар.

Корутунду ыйгарым укугу бар органдарда аккредитациядан өтүү тууралуу минималдуу талаптарга жана көрсөтмөлөргө ББУнун/ББПнын дал келүүсү жөнүндөгү Комиссиянын акыркы бүтүмдөрүн камтыйт.

3.3. Отчеттун экинчи бетинде аккредитация программасы боюнча берилген маалыматтардын аныктыгы жөнүндө билим берүү уюмунун жетекчисинин төмөнкүдөй мазмундагы билдирүүсү болушу керек:

«Мен, [уюмдун жетекчисинин аты-жөнү] бул өзүн-өзү баалоо отчетунда [аккредитацияланган негизги билим берүү программалары, билим берүү уюмунун аталышы] [отчеттун негизги бөлүгүнүн беттеринин саны, б.а. тиркемелерсиз] негизги программасын ишке ашыруу боюнча билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүн адекваттуу жана толук мүнөздөгөн ишенимдүү, так жана ар тараитуу маалыматтар берилет.

Арызга билим берүү уюмунун жетекчиси кол коет.

- Үчүнчү бетте отчеттун мазмуну бөлүмдөргө жана бөлүмчөлөргө бөлүнүп түзүлөт.
- Төртүнчү бетте буйруктун номерин көрсөтүү менен аккредитацияланган программага өз алдынча баа берүүнү жүргүзүү боюнча жумушчу топ жөнүндө маалымат берилет.
- Бешинчи бетте аббревиатуралар жана белгилердин тизмеси берилет.

Билим берүү уюму жөнүндө маалыматтар: билим берүү уюмунун түзүлүшү (билим берүү уюмунун кыскача тарыхы, чечимдери, буйруктары, мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрү, лицензиялары, аккредитациялоо жөнүндө күбөлүктөрү, коомдук уюмдардын түзүмү, уюштуруучулар ж.б.), милдети, максаттары, ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары, программанын тарыхы, сыйлыктары жана жетишкендиктери, артыкчылыктары жана кемчиликтери.

Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча билим берүү программасы жөнүндөгү маалымат аккредитациялоо стандарттарынын 1-6 критерийлеринин аткарылышы жөнүндөгү негизги текст болуп саналат (далилдүү документтерге жана арыздар түрүндөгү материалдарга шилтемелер менен), ар бир окуунун аягында критерий боюнча аткаруу даражасына баа берилиши керек: аткарылган, комментарийлери менен аткарылган, аткарылган эмес. Ар бир стандарттын аягында жетишкендиктери жана кемчиликтерин көрсөтүүчү SWOT анализи, ошондой эле кемчиликтерин жоюу боюнча чаралар бар. Андан кийин агенттиктин аккредитациялоо стандарттарынын талаптарына ылайыктуу даражасына акыркы баа берилет - толук ылайыктуу, жарым-жартылай ылайыктуу же туура эмес.

Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү.

Стандарт 2. PhD докторанттарды кабыл алуу жана окутуунун натыйжаларын таануу.

Стандарт 3. Инсанга карата окутуу жана окуучулардын билимин баалоо.

Стандарт 4. Педагогикалык жана көмөкчү окутуучу персонал.

Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.

Стандарт 6. Билим берүү программасы боюнча илимий-усулдук жана изилдөө иштери.

Стандарт 7. Маалыматты башкаруу жана коомчулукка жеткирүү.

**3.4. Корутунду**: өз алдынча баа берүү жана билим берүү программасын ишке ашыруунун натыйжалуулугун талдоонун жыйынтыгы боюнча ар бир стандарт боюнча (1-7) жетишкендиктери жана кемчиликтери белгиленип, кемчиликтерин жоюу чаралары жана аккредитациянын стандартына ылайык – толук ылайыктуу, жарым-жартылай ылайыктуу, туура келбейт, деп бааланат.

3.5.Тиркемелер: белгилүү бир критерийдин аткарылышын көрсөткөн негизги же кошумча далилдерди жана тастыктоочу документтерди жана материалдарды камтыйт. Тиркемелерди номерлөө тексттеги шилтемелер менен колдонулат.

3.6. Отчеттогу тексттин шрифти 12-Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталыштары жазылган шрифт – 14 Times New Roman, болушу керек жана аларды кара шрифт менен белгилеп коюу зарыл. Тексттеги саптардын аралыгы – 1,5 интервал, абзац – 6 пт, отчеттун бардык беттерине катар номери коюлушу керек. Отчеттун көлөмү 80 беттен ашпоого тийиш. Ошондой эле кошумча документтер тиркеме катары берилет.

Барактардын талаасы: сол жактан – 2,5 см, оң жактан – 1,5 см, жогору жана ылдый жактарынан – 2 см болот. Отчеттун текстиндеги таблицалар жана графиктерге аталыштар, номерлери коюлушу керек. Тиркемелерге да номерлер коюлат. Отчеттун текстинде келтирилген шилтемелер документтин аталышы, бети жана тиркеменин номери тууралуу маалыматты камтышы керек.

Отчет бардык тиркемелери менен “Сапаттуу билим” агенттигине кыргыз жана орус тилдеринде (зарыл учурда англисче) **sapattuubilim@mail.ru** электрондук дарегине же https://sapatbilim.kg/ сайтына жөнөтүлөт.

3.7. Шартка жооп бербеген отчеттор кайрадан иштеп чыгуу үчүн 7 күн аралыгында артка кайтарылат. Отчеттун акыркы варианты агенттикке кагаз жана электрондук түрүндө аккредитациялоонун кийинки этабын аныктоо үчүн жөнөтүлөт.

## IV. КЕСИПТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНУН ФИЛОСОФИЯ ДОКТОРУНУН (PhD)/ТАРМАК БОЮНЧА

## ДОКТОРДУ ДАЯРДОО ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО СТАНДАРТТАРЫ

Аккредитациялык стандарт 1

**Стандарт 1. Негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жана мезгилдүү баалоо.**

*Билим берүү уюмунун* Философия докторун (PhD)/тармак боюнча докторду даярдоо *программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү жол-жоболору болууга тийиш. Түзүлгөн билим берүү программаларынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, докторанттарга жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүгө тийиш.*

*Билим берүү программасы билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүүгө жана мезгил-мезгили менен (жылына бир жолу) иш берүүчүлөрдү тартуу менен баалоо жүргүзүүгө, алардын максатына жеткендигин, студенттердин жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандыруусун камсыз кылууга жана тастыктоого тийиш.*

**1-стандарттын критерийлери:**

1.1. Билим берүү программасы негизги билим берүү программасынын (НББП) миссиясына, билим берүү максаттарына жана күтүлүүчү натыйжаларына шайкеш келишин камсыз кылууга, НББПны кароо жана бекитүү тартибин көрсөтүүгө тийиш. НББПны мезгилдүү кайрадан карап чыгуу жана жаңыланып турушун көрсөтүү керек.

1.2. Билим берүү программасы кесиптик, өндүрүштүк жана тейлөөчү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдырган жана билим берүү программасынын максаттарына шайкеш келген, окутуунун күтүлгөн натыйжаларына ээ болууга тийиш.

1.3. Билим берүү программасы УКАнын белгиленген деңгээлине ылайык, мамлекеттик стандарттарга жооп берген, билим берүү программасы үчүн так аныкталган окуу жүктөмүнө ээ болууга тийиш. PhD доктораннтар өз алдынча иштерин уюштурууну жана анын аткарылышын көзөмөлдөөнү көрсөтүү керек.

1.4. Билим берүү программасында PhD докторанттардын жана иш берүүчүлөрдүн муктаждыктарын канааттандыра ала турган, билим берүү программасынын натыйжаларына, билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугуна, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзүү, талдоо жана баалоо механизмдери болууга тийиш.

1.5. Билим берүү программасы PhD докторанттар учун окуу планда каралган практиканын бардык түрлөрүн (таанышуу, окуу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломго чейинки) өтүү ордун көрсөтүүгө, магистрлер үчүн илимий же кесиптик стажировкаларды, бардык кызыкдар тараптардын практикага канааттануусун көзөмөлдөө механизмдерин көрсөтүүгө тийиш.

1.6. Билим берүү программасы илим менен техниканын актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн анын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жүргүзүүгө жана жыл сайын баалоого тийиш.

1.7. Билим берүү программасы окутуунун инновациялык педагогикалык ыкмаларын, формасын жана технологиясын колдонууну көрсөтүшү керек. PhD доктораннуранын программалары боюнча сабактарга докторанттарды тартуу үчүн шарттарды түзүү.

1.8. Билим берүү программасы анын окуу-усулдук жактан камсыздалышын билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана Кыргыз Республикасынын докторанттар учун НРК тарабынан аныкталган билим берүүнүн тийиштүү деңгээлине докторантурага ылайык келерин көрсөтүшү керек.

1.9. Билим берүү программасы өнөктөш ЖОЖдор менен биргелешкен билим берүү программаларын (БББП) ишке ашырууну (эгерде бар болсо), окуу жайлардын билим берүү программаларынын мазмуну жана окуу натыйжалары кандайча салыштырылат, ошондой эле ББПнын сапатына мониторинг жүргүзүү механизмдерин көрсөтүшү керек.

1.10. Билим берүү уюму/программасы докторанттардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныкташы керек жана кошумча билим берүү кызматтарын уюштурууга көмөктөшүүгө тийиш.
1.11. Билим берүү уюму/программасы кызыкдар тараптарга билим берүү программасынын сапаты жөнүндө маалымат берүүчү механизмдерге ээ болууга тийиш.

***Негизги документтер:*** *- ББПны иштеп чыгуу тууралуу жобо; - ББПнын окутуунун күтүлгөн жыйынтыктары; - билим берүү уюмунун миссиясы, эмгек рыногунун керектөөлөрү жана жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары менен ББПнын максаттарын жана окуу натыйжаларын салыштырып талдоо; - адистик/багыт боюнча НББП, окуу-пландары жана аларды макулдашуу жана бекитүү үчүн кошумча документтер; компетенттүүлүк матрицасы; - практикалык базалар менен келишимдер; - окутуунун күтүлгөн натыйжаларына мезгил-мезгили менен баа берүү жана мониторинг жүргүзүү боюнча документтер; окутуунун инновациялык ыкмалары, формалары жана технологиялары; - дисциплиналар боюнча окуу-усулдук материалдар; - ББП бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусуна жана алардын карьерасына карата мониторинг жана натыйжалар; - бүтүрүүчүлөрдү даярдоо боюнча иш берүүчүлөрдүн пикирлерине мониторинг жана сурамжылоонун натыйжалары (каалоосу боюнча); - кызыкдар тараптардын катышуусу менен билим берүү программасын ишке ашыруу процессинде аны өркүндөтүү боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө протоколдор.*

**Аккредитациялык стандарт 2**

**Стандарт 2. PhD докторантарды кабыл алуу жана окутуунун жыйынтыктарын таануу.**

*Билим берүү уюму өзүнүн веб-сайтында жарыяланган* PhD докторанттарды *кабыл алуунун, билим берүүнүн жыйынтыктарын таануунун жана аларды бүтүрүүнүн алдын ала аныкталган, ырааттуу колдонулуучу эрежелерине ээ болууга тийиш.*

**2-стандарттын критерийлери:**

2.1. Билим берүү уюму PhD докторанттарды тандоонун жана кабыл алуунун калыс жана объективдүү жол-жоболорун көрсөтүшү керек, мында потенциалдуу студенттерди кабыл алууда негизсиз тоскоолдуктар болбошу керек.
2.2. Билим берүү уюму PhD докторанттардын кабыл алуу эрежелерин, процессин жана критерийлерин ачык жана ырааттуу колдонууну көрсөтүшү керек.
2.3. Билим берүү уюму тандаган билим берүү жолу, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча PhD докторанттардын өз убагында жана толук маалымат жана кеңештерди алгандыгын көрсөтүшү керек.
2.4. Билим берүү уюму PhD докторанттардын окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды чогултуунун, мониторинг жүргүзүүнүн жана байкоо жүргүзүүнүн так жол-жоболорун жана инструменттерин камсыз кылууга милдеттүү.
2.5. Билим берүү уюму PhD докторанттардын күтүлгөн окуу натыйжаларына жетүү жана алардын академиялык мобилдүүлүгүн камсыздоочу квалификациялык жана окуу мөөнөттөрүн таануунун объективдүү механизмдерин камсыз кылууга тийиш.
2.6. Билим берүү уюму билим берүү программасын аяктаган жана окуу натыйжаларына жетишкен PhD докторанттардын билимин, квалификациясын жана аны бүткөндүгүн тастыктаган документин берүүгө милдеттүү.

***Негизги документтер****: - кесипке багыттоо иштери боюнча материалдар/жарнамалар; - Кабыл алуу комиссиясынын билим берүү уюмуна кабыл алуу эрежелери жана башка документтери; - ББПнын кирүү талаптарын баалоо боюнча мониторингдин натыйжалары; - окууга кабыл алуу жөнүндө буйруктар; - ББПнын биринчи курсунда* PhD докторанттардын *мониторингинин натыйжалары; -* PhD докторанттардын *кийинки ББП курсуна өтүүгө мүмкүндүк бере ала турган кредиттеринин санына мониторинг*

*жүргүзүүнүн натыйжалары; - ББП боюнча окуу мөөнөтүнүн мониторинги; - бүтүрүүчүлөрдүн жаңыдан тапшыргандарга карата салыштырмалуу талдоо; - бүтүрүүчүлөргө квалификация жана диплом ыйгаруу жөнүндөгү протоколдор; - артыкчылык дипломдорунун болушу.*

**Аккредитациялык стандарт 3**

**Стандарт 3. Инсанга багытталган билим берүү жана** PhD докторанттардын ) **жетишкендиктерин баалоо.**

*Билим берүү уюму* PhD докторанттардын *программаларына багытталган жана компетенттүүлүккө негизделген окуу процесстерин киргизүүгө тийиш. Билим берүү программаларын ишке ашыруунун ыкмалары.* PhD докторанттардын *окуу процессин биргелешип түзүүдө активдүү аракеттерге шыктандырууга тийиш. Баалоо жарыяланган бирдей критерийлердин негизинде ырааттуу процедураларды колдонуу менен жетишкендиктерди объективдүү баалоону камсыз кылууга тийиш.*

**3-стандарттын критерийлери:**

3.1. Билим берүү программасы педагогикалык ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын, анын ичинде электрондук жана аралыктан окутууну баалоо жана тууралоо үчүн PhD докторанттардын үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонууну көрсөтүшү керек.

3.2. Билим берүү программасы көз карандысыз баа берүү, баалоо ыкмалары жана критерийлери боюнча атайын даярдалган адистерди (академиялык коомчулуктун жана практиканын өкүлдөрү) тартууну, ошондой эле PhD докторанттардын билимин көз карандысыз баалоонун башка жол-жоболорун колдонууну эске алышы зарыл.

3.3. Билим берүү программасы өз сайтында PhD докторанттардын жетүүгө тийиш болгон окуунун күтүлгөн натыйжаларына карата адекваттуу болгон критерийлерди жана баалоо ыкмаларын жайгаштырууга, ошондой эле студенттердин окуунун пландаштырылган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөтүүгө тийиш.

3.4. Билим берүү программасы окуунун натыйжаларын баалоодо ачык-айкындуулукту, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү, анын ичинде жеңилдетүүчү жагдайларды жана даттануу (апелляция) жол-жобосун караштырууга тийиш.

3.5. Билим берүү программасы кызыкдар тараптарга колдонулган жол-жобо, формалар жана баалоо критерийлери, ошондой эле натыйжаларды баалоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо механизмдерин жана формаларын көрсөтүүгө тийиш.

3.6. Билим берүү программасы PhD докторанттардын окуусун таштап кетүүсүнүн себептерин талдап, алардын көрсөткүчтөрүн жакшыртуу жана студенттерди калтыруу боюнча чараларды көрүүгө тийиш.

3.7. Билим берүү программасы PhD докторанттардын арыздарына (даттанууларына) жооп берүү жана кароо үчүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорун көрсөтүүгө тийиш.

3.8. Билим берүү программасы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык ыкмаларды, формаларды жана технологияларды колдонууну көрсөтүүгө тийиш.

3.9. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктоого жана аларды кошумча курстар, факультативдер жана ийримдер аркылуу канааттандырууга тийиш.

3.10. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттардын жеке окуу жолун, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

3.11. Билим берүү уюму/программасы билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын (анын ичинде электрондук, аралыктан окутуу технологияларын) колдонууну көрсөтүшү керек.

3.12. Билим берүү программасы PhD докторанттардын жеке жетишкендиктерин колдоого багытталган өз алдынча билим алуу жана илимий изилдөө чөйрөсүндө окутуучулардын

жана PhD докторанттардын өз ара аракеттенүүсү аркылуу окуу процессин уюштурууну камсыз кылууга тийиш.

***Негизги документтер:*** *- Окутуунун модулдук рейтингдик системасы жөнүндө жобо;* PhD докторанттарды *кезектеги жана анын аралыгындагы аттестациялоо жөнүндө жобо;* PhD докторанттардын *жеке планы; - окуу модулдарынын, сертификациялык тесттердин мүнөздөмөлөрү (иш программалары, силлабустар); -* PhD докторанттардын *жетишкендиктерин баалоо критерийлери (кафедранын, билим берүү уюмунун Окумуштуулар кеңешинин жыйналыштарынын протоколдору); - окуу процессинин графиги, окуу модулдарынын жана экзамендердин графиги; - ББП* PhD докторанттардын *окуусуна мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары; -* PhD докторанттардын *жеке окуу багытын ырастоочу документтер; -* PhD докторанттардын *өз алдынча жана илимий иштерин жөнгө салуучу документтер; - окуу процессин ишке ашыруу үчүн билим берүү порталы (маалымат системасы); - ББПнын ар кандай курстарда мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары; - ББПнын окуудан чыгаруу мониторингинин натыйжалары; - бүтүрүүчүлөрдү даярдоо боюнча иш берүүчүлөрдүн пикирлерине мониторинг жана сурамжылоонун натыйжалары (каалоосу боюнча). - мониторингдин жол-жоболорун жөнгө салуучу буйруктар, жоболор. - окутуунун натыйжаларын баалоочу кызматкерлерге карата талаптарды жөнгө салуучу документтер; - ББПда баалоо процедураларын жөнгө салуучу документтер; - ББПда баалоо процедураларын жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну чагылдырган документтер.*

## Аккредитациялык стандарт 4

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү кызматкерлер**

*Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруу миссиясына шайкеш келген саясатка жана механизмдерге, ошондой эле* PhD докторанттар *менен иштөөдө тажрыйбалуу, компетенттүү кызматкерлерге ээ болушу керек. Кызматкерлердин кесипкөйлүгүн жогорулатууда жана жалдоодо адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонуу зарыл.*

**4-стандарттын критерийлери:**

4.1. Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык, педагогикалык жана көмөкчү-окутуучу кызматкерди ишке алуунун, кызматтык жактан жогорулатуунун ачык-айкын жана объективдүү критерийлерин камсыз кылууга тийиш.

4.2. Билим берүү уюму/программасы бардык кызматкерлердин кесиптик компетенттүүлүгүн камсыз кылуу үчүн билим берүү уюмунун кадр саясатын иштеп чыгууга, кайра карап чыгууга жана өркүндөтүүгө мүмкүндүк берүүчү механизмдерге ээ болууга тийиш.

4.3. Билим берүү уюму/программасы окутуучуларга Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген, окуунун натыйжаларына жетишүүгө жана билим берүү программасынын сапатын жогорулатууга ылайык келген окуу пландарын, окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу үчүн шарттарды түзүүгө тийиш.

4.4. Билим берүү уюму/программасы профессордук-окутуучулук курамдын, көмөкчү билим берүүчү жана тейлөөчү кызматкерлердин квалификациясын мезгил-мезгили менен жогорулатууну камсыз кылууга тийиш.

4.5. Билим берүү уюму/программасы педагогикалык жана көмөкчү-окутуу курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу системасынын болушун камсыздоого тийиш, бул алардын квалификациясын жогорулатууга көмөктөшөт жана алардын иш чөйрөсүндөгү акыркы өзгөрүүлөр жөнүндө дайыма кабардар болуп турууга мүмкүндүк берет.

4.6. Билим берүү уюму/программасы окутуучуларды билим берүүнүн инновациялык ыкмалары жана технологиялары боюнча мезгил-мезгили менен окутуу үчүн шарттарды түзүүнү камсыз кылууга тийиш.

***Негизги документтер:*** *- ББПнын кадр саясатын чагылдыруучу бекитилген документтер; - эмгек келишими/контракттар; - ПОК жана алардын мүнөздөмөсү; - көмөкчү кызматкерлер жана алардын мүнөздөмөсү; - кызматкерлердин анкеталары (өзүн-өзү баалоо үчүн). – кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу пландары; - педагогикалык ишмердүүлүктүн сапатын баалоо системасын чагылдырган документтер; - эл аралык долбоорлорго, гранттарга, конференцияларга катышкандыгын ырастоочу документтер (сертификаттар) - басылып чыккан окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор, монографиялар; - алынган патенттер, күбөлүктөр; - профессордук-окутуучулук курамды конкурстук тандоо жөнүндө жобо, талаптар жана тандоо критерийлери (бул механизмдер кызыкдар тараптарга жеткиликтүүлүгү); - квалификацияны жогорулатуу пландары; - квалификацияны жогорулатуу боюнча отчеттор; - квалификацияны жогорулатуунун студенттерди даярдоонун жана илимий изилдөөлөрдүн сапатына таасирин талдоо; - окутуучуларга стимул берүү, колдоо жана мотивациялоо жөнүндө маалымат.*

**Аккредитациялык стандарт 5**

**Стандарт 5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары.**

*Билим берүү уюму* PhD докторанттардын *окуу процессин уюштуруу үчүн пайдаланылган материалдык-техникалык базанын жана маалыматтык ресурстардын жетиштүү экендигине жана ишке ашырылып жаткан программанын талаптарына жооп бере тургандыгына кепилдик берет.*

**5-стандарттын критерийлери:**

5.1. Билим берүү уюму/программасы билим берүү программасын Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык жана ар кандай топтордун, анын ичинде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген PhD докторанттар үчүн жеткиликтүү болгон зарыл материалдык ресурстар менен (кабинеттер, лабораториялар, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, китепкана фондулары ж.б.) камсыз кылууга тийиш.

5.2. Билим берүү уюму/программасы негизги билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген окутуу аянтынын туруктуулугун жана жетиштүүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

5.3. Билим берүү уюмунун/программасынын окуу жайлары Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык, санитардык-гигиеналык ченемдерге, эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле эмгекти коргоонун жана коопсуздуктун талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

5.4. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттарды жатакана менен камсыз кылууга, жашоо, окуу жана эс алуу үчүн шарттарды түзүүгө тийиш.

5.5. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттар үчүн заманбап жана жеткиликтүү китепкана ресурстары менен камсыздоого, ал эми китепкана фонду Мамлекеттик стандарттарга ылайык билим алууга керектүү окуу китептери менен жабдуу керек. Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн шарттар түзүлүүсү зарыл.

5.6. Билим берүү уюму тамактануу (ашкана же буфет) жана фельдшердик-акушердик пункттарда медициналык тейлөө үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө тийиш.

5.7. Билим берүү уюму студенттерди (магистрлерди) окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылууга милдеттүү.

5.8. Билим берүү уюму PhD докторанттарды окутуунун натыйжаларына жетүү үчүн колдоо жана дем берүү максатында тийиштүү кадрдык ресурстар менен (академиялык кеңеш берүүчүлөр, практика боюнча жетекчилер, кураторлор, жатаканадагы тарбиячылар, медициналык кызматкерлер, психологдор ж.б.) камсыз кылууга тийиш.

***Негизги документтер:*** *- окуу аянттарынын жана аудиториялардын тизмеси жана мүнөздөмөсү; - санитардык-гигиеналык ченемдерди жана өрт коопсуздугун ырастоочу документтер; - жеке окутуу үчүн окуу кабинеттеринин тизмеси жана мүнөздөмөсү; -*

*электрондук аянтчалардын жана электрондук ресурстардын мүнөздөмөлөрү, аларды пайдаланууну талдоо; -башка ресурстар жана атайын демилгелер; -* PhD докторанттарга *социалдык жактан колдоо системасын мүнөздөгөн документтер (жоболор, регламенттер ж.б.); -* PhD докторанттарды *социалдык жактан колдоо боюнча чечимдер, анын ичинде калктын социалдык аялуу категорияларына киргендигин ырастоочу документтер; - окуу, усулдук жана илимий адабияттар фонду жөнүндө маалымат; окуу залдары жөнүндө маалымат; - ашканалар жана медициналык пункттар жөнүндө маалыматтар; - коомдук тамактануу жана медициналык тейлөө боюнча келишимдер; - коомдук тамактанууну жана медициналык тейлөөнү уюштуруу боюнча студенттерди сурамжылоонун жыйынтыктары; -тамактанууну жана медициналык жардамды уюштурууну жакшыртуу боюнча кабыл алынган жетекчилик боюнча чечимдерин талдоо; - жатаканада жайгаштыруу жана эс алууну уюштурууну ырастоочу документтер; -* PhD докторанттар *жатаканада жашоого канааттануусун көзөмөлдөөнүн жыйынтыгы.*

**Аккредитациялык стандарт 6**

**Стандарт 6. Билим берүү программалары боюнча илимий-усулдук жана изилдөө иштери.**

*Билим берүү уюму окутуучулардын,* PhD докторанттардын *илимий изилдөөлөрүн уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө, илимий лабораторияларды түзүүгө көмөктөшүүгө жана жетиштүү илимий ресурстар менен камсыз кылууга жана ишке ашырылып жаткан программанын талаптарына жооп берүүгө тийиш.*

**6-стандарттын критерийлери:**

6.1. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттардын илимий ишмердүүлүгү үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылууга тийиш.

6.2. Билим берүү мекемеси/программасы окутуу менен илимий изилдөөнүн ортосундагы байланышты чыңдоо үчүн окутуучулардын илимий ишмердүүлүгүн ар тараптан колдоо системасы болушу керек.

6.3. Билим берүү программасы окутуучулардын жана PhD докторанттардын илимий жана илимий-усулдук изилдөөлөрдү жүргүзүүсүн көрсөтүүгө, PhD докторанттардын илимий/эксперименталдык изилдөө иштеринин уникалдуулугун камсыз кылууга тийиш.

6.4. Билим берүү программасы жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ жана алардын илимий изилдөөлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат, илимдин тиешелүү тармактарында илимий даражалары жана наамдары бар окутуучулар тарабынан докторанттардын илимий изилдөөлөрүн уюштуруу үчүн шарттарды түзүшү керек.

6.5. *Билим берүү уюмунун* Философия докторун (PhD)/тармак боюнча докторду даярдоо билим берүү программасы доктордун диссертациясынын темасын ата мекендик жана чет өлкөлүк илимдин акыркы теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерине, илимий изилдөөнүн заманбап ыкмаларына, эксперименталдык маалыматтарды иштеп чыгууга жана интерпретациялоого ылайык иштеп чыгууга тийиш.

6.6. Билим берүү программасы илимий-изилдөөчүлүк тажрыйба алууга жана илимий натыйжаларды, ошондой эле кадрларды алмашууга (мобильдикти) көмөктөшөт.

6.7. Билим берүү программасы илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын окуу процессинде жана/же өндүрүштө колдонууну көрсөтүшү керек

6.8. Билим берүү программасы кызматкерлердин, PhD докторанттардын илимий иштерин кадыр-барктуу басылмаларда жарыялоону активдештирүү боюнча иш-аракеттерди жүргүзөт. Магистрантка изилдөөнүн натыйжаларын жарыялоого көмөк көрсөтүшү керек.

***Негизги документтер:*** *- илимий лабораториялардын жана ресурстардын болушу; - Илимий изилдөө иштеринин жана* PhD докторанттардын *изилдөө иштеринин бекитилген темалары; Илимий изилдөө иштеринин жана* PhD докторанттардын *изилдөө иштеринин отчеттору; - илимий конференцияларга катышуу; илимий журналдын болушу; - окутуучулардын, студенттердин, магистрлердин басылмалары; - ПОКту,* PhD

докторанттарды *сыйлоо; - эл аралык илимий долбоорлор, стажировкалар ж.б.; - окуу процессине киргизүүнүн натыйжалары, өндүрүш, патенттер, сертификаттар ж.б.*

**Аккредитациялык стандарт 7**

**Стандарт 7. Маалыматтарды жетекчиликке алуу жана аны коомчулукка жеткирүү.**

*Билим берүү уюму маанилүү маалыматтарды чогултат, талдайт жана таратат, аларды окутуу программасын жана башка иш-чараларды натыйжалуу башкаруу үчүн колдонот. Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан* PhD доктор даярдоо *программасы жана ыйгарылган квалификациялар боюнча заманбап, калыс жана объективдүү, сапаттуу маалыматтарды үзгүлтүксүз жарыялап турат.*

**7-стандарттын критерийлери:**

7.1. Билим берүү уюму билим берүү программасын натыйжалуу жетекчиликке алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу (билим берүү уюму өзүнүн билим берүү максаттарын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, синтездөө жана сактоо) механизмдерине ээ болууга тийиш:

- PhD докторанттардын контингенти жөнүндө маалымат;
- PhD докторанттардын сабакка катышуусу жана жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар;
- PhD докторанттардын, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу;
- материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу;
- PhD докторанттардын илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары
- билим берүү уюмунун ишинин негизги көрсөткүчтөрү.

7.2. Билим берүү уюму/программасы коомчулукка өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат берүүгө милдеттүү, анын ичинде:

- миссиясы;
- билим берүү максаттары;
- окутуунун күтүлгөн натыйжалары;
- ыйгарылган квалификациялар;
- окутуу жана окутуунун формалары менен каражаттары;
- баалоо процедуралары;
- PhD докторанттарына берилген балл жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү;
- бүтүрүүчүлөр үчүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат;
- окутуучулардын жана PhD докторанттардын илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары.

7.3. Билим берүү уюму/программасы өз иши жөнүндө коомчулукка маалымдоо үчүн өзүнүн веб-сайтын, корпоративдик мезгилдүү басылмаларды (гезиттерди, илимий журналдарды, конференциянын материалдарынын жыйнактарын ж.б.), социалдык тармактарды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонууга милдеттүү.

7.4. Билим берүү уюму билим берүү мекемесин башкаруунун автоматташтырылган (программалык камсыздоо) системасын көрсөтүшү керек. Көрсөтүлгөн система жок болгон учурда билим берүү уюму аны иштеп чыгуу же сатып алууну жана ишке киргизүүнү пландаштырат.

***Негизги документтер***: *- билим берүү уюмунун мезгилдик басылмасы; - конференциянын материалдарынын жыйнактары; - илимий басылмалар (журналдар, кабарлар); - жергиликтүү маалыматтык системанын жана электрондук документ жүгүртүүнүн негизги документтери; - билим берүү уюмунун веб-сайты; - социалдык*

*тармактар жөнүндө маалыматтар; -* PhD докторанттарды *окутуу үчүн электрондук аянтчалардын болушу; - электрондук китепкананын болушу; - жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу жөнүндө маалыматтар.*